Нооруз майрамы.

Тамырларга жылуулук келип кайра,
Тай кунандай туйлашат сууларсайда.
Ар бир уйго тартуулап тазалыкты,
Ар бир жанга кол сунат Нооруз майрам .

Алас, алас, алас,
Ар балеээдн калас,
Эски жыл кетти, жаны жыл келди,
Жакшылыкка жар бол,
Кырман толо дан бол,
Алас, алас, алас, ар балээден калас.
Сумолок,сумолок, сумолок жегиле,
Ак бата,ак бата, ак бата бергиле,
Бак тиккен багбанга, баба дыйканга,
Жана да, жана да,жана да, жана да, жана да эй кыргыз элиме.

Саманчынын жолундай сабын бузбай,
Айлар отуп , жыл толуп келди кайра.
Ала-Тоонун ичине айылыма,
Ар улуттун озундой Нооруз майрам.

Калкым кутуп кубанат кабарына,
Кир жукпасын таптаза кабагына.
Ак тилектей айлыма кел Ноорузум,
Аппак шоола тогулсун кадамына.